«Канаттууга актырбай,
Калкын жоодон сактаптыр.
Калың кыргыз коопсуз,
Жергесин душман баспаптыр.
Тумшуктууга чокутпай,
Туурун жоодон сактаптыр.» («Карач –Көкүл»баяны)

Бул келтирилген мисалдардагы «бармагын кесе тиштөө», «канаттууга актырбай, тумшуктууга чокутпай» деген фразеологизмдердин бардык компоненттери чогуу болбостон, ортосуна сөздөр кыстырылып колдонулду. Сүйлөмдө синстаксистик жактан бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарышы. Фразеологизмдердин составындагы ар бир компонент өз алдынча сөз катары колдонул багандыктан, алардын жалпы суммасы бир маанини билдиргендиктен, ар бир компонент өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло албастыгы келип чыгат. Мисалы : 1. Кара жаак, жез таңдай, Баары келсин тоюма.
2.Үчөөбүз жыйып келген нанды бир үйлүү киши чай менен ичип өзөк жалгадык.
3. Кара кылды, как жарган
Кан Бакай сөзүн баштады.
4. Ачык оозго сөз айтпа,
Сырты коозго көз артпа.
5. Ташчайнар менен Акбара башы ооган тарапка бет алышып, кулак уккус, көз көргүс жакка жортуп баратышты.
Мисалга алынган фразеологизмдер бир гана суроого жооп берип 1-сүйлөмдө сүйлөм мүчөсү боюнча ээ; 2- сүйлөмдө баяндооч; 3- сүйлөмдө аныктооч; 4- сүйлөмдө толуктооч; 5- сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарышты.

Фразеологизмдердин жогорку аталган негизги белгилеринин негизинде аныктама чыгарабыз. Демек, тилдеги эки же андан көп компоненттен туруп, пикир алышуу дадаяр материал катары пайдаланылып, мааниси тутумундагы жеке сөздөрдүн семантикасынан алыстап, ширелишкен бир бүтүндүктү түзгөн, өтмө мааниде колдонулуп, эмоциялуу-экспрессивдүү, образдуулук касиетке ээ болуп, сүйлөмдө грамматикалык жактан бир гана милдет аткарган тилибиздеги көркөм сөз каражаттары фразеологизмдер деп аталат.

5.Тема:Грамматикалык категория, сөздүн морфологиялык бөлүктөрү

План:1.Унгу жана мучо жонундо жалпы маалымат
2. Мучо анын турлору

Адабияттар:

1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу» Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Грамматикалык категория тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу, бири-биринен айырмаланган жекече грамматикалык маанилердин жыйындысы грамматикалы категория деп аталат. Кыргыз тилинин грамматикасында сан,жөндөмө, таандык, жак, чак, мамиле, ыңгай ж.б. грамматикалык категориялар бар.Жөндөмө категориясын туюндуруучу грамматикалык каражаттар – жөндөмө мүчөлөрү. Ар бир жөндөмөнүн мүчөсү башка жөндөмө мүчөсүнөн өзгөчөлөнгөн жекече грамматикалык маанини түшүндүрөт. Бардык жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү жалпысынан атоо, бир нерсеге тиешелүүлүк, багытталгандык, бир нерсенин орду, эмнеде, каерде экендиги, кыймыл-аракеттин башталган жери сыяктуу жекече грамматикалык маанилердин жыйындысын билдирет. Бул грамматикалык маанилер атооч сөздөрдү сүйлөм ичинде бири-бири менен жана башка сөздөр менен байланыштыруу кызматын аткарып, өзүнчө жалпылыкты түзөт. Мына ушул жалпылыктын негизинде бул каражаттардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жөндөмө категориясын түзүп турат. Жак категориясын туюндуруучу грамматикалык каражаттар – жак мүчөлөрү. Ар биржактын мүчөсү башка жак мүчөлөрдөн айырмаланган жекече грамматикалык маанилерге ээ. Мисалы, -мын (-м) кыймыл-

аракеттин же баяндоонун сүйлөп жаткан тарапка, башкача айтканда, биринчи жакка тиешелүүлүгүн, -сың (-сыз) экинчи жакка тиешелүүлүктү билдирген маани берет. Мына ушул жак мүчөлөрдүн бардыгы жалпысынан тигил же бул жакка тиешелүүлүк маанилерди бергендиктен, алардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жак категориясын түзөт. Сөздөрдүн тутумунда, бирөө болобу, экөө болобу, сөз мүчөлөрү (морфемалары) болот. Жалпы лингвистикада сөз мүчөлөрүн морфемалар деп аташат. Морфема (сөзмүчөсү) тууралуу жогоруда айтылды. Кыргыз тилинде маани-мазмундук белгилери боюнча өз аражалпылыкты түзүп турган сөз мүчөлөрүнүн (морфемалардын) үч түрү бар. Алар: Уңгу (сөздүн уңгусу, башкача айтканда, сөздүн уңгу мүчөсү). Китепте мүчө деген термин морфема деген терминдин ордуна колдонулду. Чынында мүчө деген сөз сүйлөм мүчөсү деген мааниде колдонулса, сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдүн бардыгы тууралуу кеп жүрөт. Башкача айтканда, сүйлөмдөгү бардык сөздөр–сүйлөмдүн мүчөлөрү. Ал эми сөз мүчөлөрү десек эле анын (сөздүн) лексикалык маани берип турган бөлүгү уңгу деп аталып, мучө болбой калат. Логикага сыя бербейт. Сүйлөм мүчөсү деген сыяктуу эле сөздүн тутумундагы кандайдыр мааниге ээ болгон бардык Куранды (сөздүн куранды мучөсү).
Уланды (сөздүн уланды мүчөсү).
Сөз мүчөлөрү (морфемалар) бардык

Уңгу – сөздүн эң негизги мүчөсү, андан ары мүчөлөнбөй лексикалык маани берип турган бөлүгү. Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маани да туюндурат. Уңгу туюндурган грамматикалык маанилер көбүнчө жалпы категориялык маани болуп, сөздүн лексикалык маанисине жакын келет.

Кыргыз тилиндеги уланды мүчөлөр булар:

1) жөндөмө мүчөлөрү (-нын, -га, -ны, -да, -дан);
2) таандык категориясынын мүчөлөрү (-ым, -ың, -ыңыз, -сы, -ы, -быз, -ңар, -ңыздар);
3) көптүк санды уюштуруучу мүчө (-лар);
4) жакты билдирген мүчөлөр (-мын, -быз, -сың, -сыңар, -сыз, -сыздар);
5) чак мүчөлөрү: -ды, -ган, -ыптыр, -чуж.б.);
6) мамиле мүчөлөрү: -каз, -кар ж.б.);
7) ыңгай көрсөткүчтөрү: -са, -гайж.б.;
8) терс маани мүчөсү (-ба);
9) суроо маани мүчөсү (-бы).

Курандылардан мисалдар:

-лык: тоолук, айылдык, жолдоштук, тердик ж.б.
-дай: үйдөй, тоодой, кишидей, аттай, топтойж.б.
-ыра: жаркыра-, калтыра-, күркүрө-, мөлтүрө- ж.б.
-коол: тоскоол, өткөөл, ургаалж.б.
-ла: майла-, музда-, суула-, ойло-, сүйлө-, түздө-, иште-,

тиште-, тилде-, жээкте-, даңкта-, айтта- ж.б.
Уландылардан мисалдар:
-нын: үйдүн, эненин, талаанын, иштин, колдунж.б.
-га: балага, тоого, отко, кемеге, кыштакка ж.б.
-лар: дарактар, көлдөр, чалдар, энелер, иттерж.б.
3. Сыйлыгышма мүчөлөр үндүү тыбыш менен аяктаган уңгуга (женегизге) жалганганда баштапкы үндүү тыбышы түшүп калат.
Курандылардан мисалдар:
-оо: ойло- + -оо = ойлоо, байла- + -оо = байлоо ж.б.
-ыш: тааны- + -ыш = тааныш, окшо- + -ыш = окшош, күүлө- + -ыш = күүлөшж.б.
-ык: какшы- + -ык = какшык, калтыра- + -ык = калтырак, жылтыра- + -ык = жылтырак ж.б.
-ым: кура- + -ым = курам, чыда- + -ым = чыдам ж.б.
-ынды: асыра- + -ынды = асыранды, ташта- + -ынды = таштанды, ула- + -ынды = уланды ж.б.
Уландылардан мисалдар:
-ым: эне + -ым = энем, бала + -ым = балам ж.б.
-ыш: ийле- + -ыш = ийлеш: ийлешчи, байла- + -ыш = байлаш: байлашып кой, сана- + -ыш = санаш: санашып кой ж.б.
-ың: ата + -ың = атаң, чана + -ың = чанаң ж.б

6.Тема: Сөздөргө лексикалык талдоо жүргүзүү 4 саат

ЛЕКСИКАЛЫК ТАЛДООГО МАШЫГУУ:

1. Сөздүн лексикалык маанисин аныктоо.
2. Сөздүн грамматикалык маанисин аныктоо.
3. Сөз бир маанилүү, же көп маанилүү экендигин көрсөтүү.
4. Сөз түз мааниде, же өтмө мааниде экендигин көрсөтүү.
5. Сөзгө синоним, омоним, антоним сөздөрдү табуу.
6. Сөздүн диалектизм, фразеологизм, термин, кесип сөз, архаизм, неологизм ж.б.топко тиешелүүлүгүн көрсөтүү.
7. Сөздүн төл же өздөштүрүлгөн лексикага жатаарын аныктоо.

Үлгү: **Мугалим – мөмөлүү дарак.**

Мугалим - билим, тарбия бере турган адам (лексикалык мааниси);
зат атооч, атооч жөндөмө, жекелик санда, III жак (грамматикалык мааниси);
бир маанилүү сөз;

түз мааниде;
синоними- окутуучу, устат;
кесиптик сөз;
араб тилинен кабыл алынган.

7.Тема: Соз туркумдорунун принциптери
План:
1.Соз туркумдорунун принциптери
2.Тил илиминде создорду соз туркумдоруно болуштурунун туру

Адабияттар:
1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу » Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Байыркы грек окмуштусуу Аристотель создорду 3 топко болгон. Атооч, этиш, байламталар. Ал эми Александра граматикада атооч ат атооч, этиш, тактооч байламта продлог мучо атоочтук батыш Европа окумуштулары создорду соз туркумуно болуштурууго озгочо мамиле берилген. Орустун алгачкы громатисти Ломоносов негизни жана жардамчы деп болгон. 1946-жылы сан Петербургда жарыкка келген Мирза Али Казимбектин деген китебинде создорду соз туркумуно болуштуруунун принциптерин карап чыккан. Анын ичинде кыргыз тилинде алдынкы иштер жургузулгон. Логикалык же семантикалык принцип же лексикалык мааниси эске алынган.

Морфологиялык принцип

Синтаксистик принцип

Жалпысынан создордогу соз туркумуно болуштуруу бири бирине айкашуу айкашпоо озгочолугу, мучо болуу мучоо болбо эске салынат. Кыргыз тилинин граматикасы биздин кылымды 30-40 жылдардан бери изилденип жатат. Алгачкы окуу китеби Касым Тыныстановдун калемине таандык. Анын 1934-ж чейин «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген китебинде кыргыз создугунун эн чон тобу болгон.

Атооч создор; этиш создор.

Атооч создор оз ара 4 топко болунот.

Зат атооч

Сын атооч

Сан атооч

Ат атооч.

Бирок Касым Тыныстанов кыргыз создордун болуштуруудо соз мучолорунун касиетине негизги орун берген. Касым Тыныстановдун коз карашы менен жазылган эмгек кийинки окмуштуулардын колдонулган эмес.

Создордогу соз туркумуно болуштуруудо Исаеевдин тарабынан тузулгон. Мектеп програмасында создор соз туркумуно семантикалык жана синтаксиздик принциптердин анча эске алынбаганы байкалат.
Ошентип оз учурундагы кыргыз тилинин граматикасында томонку соз туркумдору бар. Алар:
Кыргыз тилиндеги соз туркумдор 3 топко болунот.
Маани беруучу
Кызматчы создор
Сырдык жанан туранды создор.

8.Тема: Зат атооч жана сын атооч соз туркумдору
План:
1.Зат атооч жонундо жалпы тушунук
2.Сын атооч жонундо жалпы тушунук

Адабияттар:
1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу » Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Кыргыз тилиндеги маани беруучу соз туркумдорунун бири зат атооч.
ЗАТ АТООЧ
Заттын аты н же заттык түшүнүктү билдирип, жөндөмө, сан, таандык, жак мүчөлөрү боюнча өзгөргөн, сүйлөмдүн ар кандай мүчөсүнүн милдетин аткарган, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берген сөздөр зат атооч деп аталат. Зат атооч энчилүү жана жалпы ат болуп, экиге бөлүнөт.

ЭНЧИЛҮҮ ЖАНА ЖАЛПЫ АТТАР
Энчилүү ат жеке бир затка энчиленип коюлат. Аларга кишилердин, шаарлардын, тоолордун, океандардын, мекеменин, окуянын, айбандардын ж.б. аттары кирет. Алар дайыма баш тамга менен жазылат. М и с а л ы:Ысык-Көл, Тянь-Шань тоолору, Аккула, «Гүлсарат» романы, Бишкек шаары, «Кыргыз руху» газетасы, «Комсомолская правда» газетасы ж.б.
Жалпы ат бир түрдүү заттарга жалпы жонунан берилет. М и с а л ы: токой, тоо. таш, су у, мектеп, шаар, адам, мал, эл ж.б.
Энчилүү аттардын жазылышы
Энчилүү аттар төмөндөгүчө жазылат.
1. Адамдардын аттары, атасынын аты, фамилиясы бир сөздөн же сөз айкашынан тургандыгына карабастан, ар бири баш тамга менен жазылат. М и с а л ы: Болот, Кубаныч, Курманбек, Аманбай Эсенович Саламатов, Айсулуу Туратовна Токтомушева.

2. Өз атынан тышкары коюлган аттар, жашыруун аттар (псевдонимдер) баш тамга менен башталып жазылат. Эгерде мындай энчилүү аттар эки сөздөн турса, арасынан эч белги коюлбастан бөлөк-бөлөк жазылат да, экөө тең баш тамга менен
башталат. М и с а л ы: Тоголок Молдо (атактуу демократ акын Байымбет Абдракмановдун элге таралып кеткен аты), Балка (эл акыны Аалы Токомбаевдин адабияттык аты), Молдо Нияз.
3. Жаныбарларга коюлган энчилүү аттар бир сөздөн же сөзайкалышынан тургандыгына карабастан, баш тамга менен башталып жазылат. Кыргыздарда мындай аттар көбүнчө жылкыга жана иттерге карата колдонулат. М и с а л ы: Акжол, Аккула, Алгыра,Койкүрөң, Тайтору, Тоотору (жылкы аттары), Желмаян (төнүн аты),Бөрүбасар, Жолборс, Учар, Тайбас(иттин аттары).
4. Географиялык аттар (жер-суунун, тоолордун, калк орношкон пунктардын, көлдөрдүн ж.б. аттары) дайыма баш тамгалар менен жазылат. М и с а л ы: Алай, Арка, Алчалуу, Баткен, Боом, Гүлчө, Кабак, Орток, Өрүктү, Тамга, Сүлүктү, Талас, Чүй, Нарын, Кемин, Өрнөк.
5. Кыргызстандын территориясындагы эки же андан артык сөздөн куралган татаал географиялык аттардын бардыгы тең араларына дефис коюлуп, ар бири баш тамгалар менен башталып жазылат. М и с а л ы: Ак-Булуң, Ак-Буура, Ат-Башы, Жети-Өгүз, Ийри-Суу, Кичи-Кызыл-Суу, Корумду-Төр, Чоң-Ак-Суу, Ысык-Көл, Жалал-Абад.
6. Кыргызстандын территориясынан тышкары географиялык аттар орус орфографиясынын негизинде жазылат. М и с а л ы: Урал, Уфа, Казань, Европа, Семипалатинск, Минск.
7. Кыргызстандын территориясынан тышкары төмөнкү географиялык аттардын кыргызча айтылышы боюнча жазылышына жол берилет: Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя, Кокон, Маргалаң, Алматы, Самаркан, Ташкен(т).
8. Зарылдыгына карай Кыргызстандын территориясынан тышкары бир катар географиялык аттардын орусчадан которулуп алынышына жол берилет. Мындай учурларда татаал энчилүү аттардын составындагы деңиз, арал, булуң, кысык, көл деген сыяктуу сөздөр кичине тамга менен бөлөк жазылат. М и с а л ы: Ак деңиз, Кара деңиз, Рига булуңу, Онега көлү, Куриль аралы, Инд океаны, Дарданелл кысыгы.
Астрономиялык аттар баш тамга менен жазылат: Марс, Чолпон, Күн, Жер, Ай ж.б.
9. Жер-суунун атынан алынган колхоз-совхоздун аттары тырмакчага алынып жазылат: М и с а л ы: «Шамшы» колхозу, «Алга» совхозу, «Жаңы-Жер» совхозу ж.б.
Эгер колхоз-совхоздун, мектептин ж.б. аттары адамдын атына коюлса, тырмакчыгы алынбай жазылат. М и с а л ы: Ленин атындагы колхоз, Фрунзе заводу, Манас кыштагы.
10. Китептердин, газета-журналдардын ж.б. аттары тырмакчага алынып, баш тамга менен, эгер эки сөзү тең энчилүү ат болсо, эки сөзү тең баш тамга

менен жазылат: «Каныбек» романы, «Кыргыз туусу»газетасы, «Ала-Тоо» журналы, «Россия» кинотеатры ж.б.

11. КМШдагы, чет элдик партиялык, өкмөттүк, профсоюздук жогорку мекемелер менен уюмдардын наамдарынын аттары баш тамга менен жазылат: Кыргыз Республикасы, Россия Федерациясы, Кыргыз Республикасынын Президенти, Кытай Эл Республикасы, Жогорку Кеңеш, Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту, Кореянын Элдик-Демократиялык партиясы, Кыргызстандын Демократиялык Кыймылы, Эркин Кыргызстан партиясы, Казак Республикасы, Өзбек Республикасы ж.б.

12. Энчиленип айтылган тарыхый окуялардын аттарынын биринчи, экинчи сөздөрү баш тамга менен жазылат:Улуу Октябрь социалисттик революциясы, Улуу Ата Мекендик согуш ж.б.

13. Белгилүү даталардын, революциялык майрамдардын аттарынын биринчи сөзү баш тамга менен жазылат: Аялдардын эл аралык майрамы, Жеңиш күнү, Жаңы жыл, Космонавтика күнү, Мугалимдер күнү, Билим майрамы.

14.Эгерде татаал энчилүү аттардын биринчи сөзү иреттик сан атоочтордон болуп, цифрра менен жазылса, экинчи сөзү баш тамга менен жазылат: 1-Май, 8-Март, 9-Май ж.б.

15.Министерстволордун, партиялык жана коомдук уюмдардын, ар түрдүү мекемелердин, окуу жайларынын биринчи сөзү жана анын составындагы кошо айтылган энчилүү аттар баш тамга менен жазылат: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогиялык университети, Кыргыз мамлекеттик улуттук университети ж.б.

зат атоочтордун жекелик жана көптүк саны

Зат атоочтор жекелик жана көптүк санда айтылат. Көптүк маанини -лар мүчөсү жасайт. М и с а л ы: алма —алмалар, өзөн - өзөндөр, китеп – китептер д.у.с.

Кээ бир сөздөр -лар мүчөсүнүн жардамысыз эле көптүк маанини билдирип турат. Чөп чабылды. Эгин орулду. Мал жайлоого чыгарылды ж.б.

ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖАКТАЛЫШЫ

Зат атоочтор жакталбайт, жак мүчөлөр менен да өзгөрбөйт. Жак мүчөлөр этишке гана таандык. Бирок адамзаттык зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарганда гана жак мүчөлөрдү кабыл алат. Демек, зат атоочтун баяндоочтук милдет аткаргандагы жак мүчөлөр менен өзгөрүшү зат атоочтун жакталышы деп аталат: мен студентмин, сен студентсиң, биз студентпиз, силер студентсиңер ж.б.

Жекелик санда

Жагы, түрү	Жекелик санда
I жак – мен	-мын, -мин, -мун, -мүн
II жак – сен (жөнөкөй түрү)	-сың, -сиң, -суң, -сүң
II жак сиз (сылык түрү)	-сыз, -сиз, -суз, -сүз
III жак- ал	

Көптүк санда

Жагы, түрү	көптүк санда
I жак – биз	-быз, -биз, -буз, -бүз
II жак – силер (жөнөкөй түрү)	-пыз, -пиз, -пуз, -пүз
II жак сиздер (сылык түрү)	-сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр,
III жак- алар	-сыздар, -сиздер, -суздар, сүздөр

Сын атооч жонундо тушунук.

1.Сын атоочтун лексикалык граматикалык мааниси.

Сын атооч - заттын өңүн, түсүн, сынын, сапатын, даамын, формасын жана башка көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр сын атооч деп аталат. М и с а л ы: кызыл, сары, жашыл, таттуу, ачуу, тоголок, жумшак жана башка. Сын атооч сүйлөм ичинде көбүнчө баяндоочтук, аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат: Мисалы: Акылдуунун сөзү кыска (кыска — баяндооч). Жакшы адамдын белгиси эл камы үчүн жүгүрөт, жаман адам белгиси өз камы үчүн күйүнөт (жакшы, жаман - аныктооч). Бали, азаматтар, жакшы иштедиңер (жакшы -бышыктооч).

Сапаттык жана катыштык сын атооч

Заттардын сын-сыпаты, өңү-түсү, даамы, формасы, мүнөзү, сапаты сыяктуу белгилерин түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын деп аталат. Мисалы: ичке, сулуу, ак, жашыл, тунук, ачуу, тегерек, тоголок, шайыр, түнт, жакшы, жаман, кызылыраак, өтө чоң, абдан сонун, саргыч, бозолук, чоң-кичине, жакшы-жаман, ак-кара жана башка. Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор катыштык сын деп аталат. Мисалы: токойлуу жер, тоодой толкун, темирдей тартип, жаанчыл ай, даамдуу тамак, тумакчан киши, аталаш туган жана башка.

Сын атоочтун даражалары

Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: жай, салыштырма, күчөтмө жана басаңдатма даража. Жай даража Заттын белгисин кандай нормада экендигин билгизип, атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат: кызыл, сары, ак, көк, кара, жашыл, ачуу, кен, сүйрү жана башка.Салыштырма даража Заттагы бир эле белги экинчи заттын белгиси менен салыштырылат. Салыштырууну чыгыш жөндөмөсүнүн -дан жана -ыраак мүчөсү уюштурат. Бал канттан пайдалуу. Замира Берметтен кичине. Москва көп шаарлардан кооз (коозураак). Күчөтмө даража Заттардын сын-сыпатын күчөтүп, өтө жогору же өтө төмөн экендигин көрсөтөт да, төмөнкү жолдор менен жасалат.

а) эң, өтө, абдан, чымкый, чылк деген ж. б. күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен жасалат: эң чоң, өтө күчтүү, абдан жакшы, чымкый кызыл.

б) сын атоочтун толук кайталанып же кыскарып айтылышы аркылуу жасалат: кыпкызыл, упузун, капкара, сапсары, бийик- бийик тоолор, кооз-кооз үйлөр, сонун-сонункөчөлөр ж.б.
в) затташкан сын атоочтор күчтөмө даражаны уюштурат: мыктынын мыктысы, сулуунун сулуу су жана башка.
Басаңдатма даража
Заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же анын басандатылып айтылышын билдирет, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:
-ыш - агыш, көгүш
-гыл - киргил, чаңгыл
-ылжым, -ылжын - көгүлжүм, көгүлжүн
-гыч - саргыч
-гылт - кызгылт
-гылтым - кызгылтым ж.б.

9.Тема: Сан атоочтун негизги топтору.

План: 1. Сан атоочто жонундо тушунук
2. Сан атоочтордун турлору

Адабияттар:

1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу» Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу» Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Жаратылыштагы заттардын, кубулуштардын, нерселердин санын, катарын, иретин билдирген создор сан атооч деп аталат. Сан атоочтордун жалпы санын болжолдуу турдо аныктоого болот. Анткени бул создор бизге белгилуу эсеп, сандардын аттары болу эсептелинет. Башка соз туркумдорун мындай кылып жалпы санын аныктоого мумкун эмес. Сан атоочторго канча? нече? Канчанчы? Неченчи? деген суроолорго жооп берет.Сан атоочтор башка соз туркумдорго айырмачылыгы булар башка соз туркумдорунон жасалбайт. Б.а. сан атоочторду жасоочу куранды мучолор жок. Башка соз туркумдорунун жасалышына да база болуп бербейт. Сан атооч создордон 2-3 гана зат атооч соз жасалат. Мисалы:-лык бешилик, училик
Сан атоочтор тузулушу боюнча жонокой жана татаал болуп экиге болунот. Жонокой сан атоочтор бир гана унгудан туруп, санды, иретти, катарды, эсепти билдирген создор аталат. Мисалы: 20, 30 ж.б. ал эми татаал сан атоочтор эки же андан коп уогудан туруп, бир гана санды, иретти ж.б. билдирет.Мисалы: 12, 1989 ж.б. Сан атооч создор суйломдо аныктоочтук кээде бышыктоочтук милдетти аткарат.

Кыргыз тилиндеги сан аточтор маанилерине карата томонкудой болуп болунот:
1.Эсептик сан атооч создордун эсебин билдирет канча? нече деген суроолорго жооп беретМ: уч, торт, он ж.б.
2.Иреттик сан атооч жаратылыштагы заттардын, буюмдардын, нерселердин ирет, тартибин, катарын билдирет. М: бешинчи, алтынчы ж.б.
3.Жамдама сан атооч кыргыз тилинде жетөө эле. Булар –өө мучосунун жардамы менен уюшулат. М: Бирөө, экөө, бешөө ж.б.ж Жамдама сан атоочтор заттардын санын, алардын заттык белгиси катары корсотот же жансай корсотот.Жамдама сан атоочтор атооч содорго окшош. М: алтооң келе калгылачы.
4.Чамалама сан атооч заттардын санын, эсебин чамалап, болжолдоп корсотот. Жакын, чамалуу, ашуун, сыяктуу деген сзодордун жардамы менен жасалат. М: беш-алтыдай, ондого, жузчо
5.Топ сан заттардын эсебин, топ-тобу менен жалпылап билдирет . Булар адатта чыгыш жонундосу аркылуу уюшулат
6.Болчок сан атооч бир бутундун болукторун билдирген создор М: 2 ден1, 1бутун 10 дон 2 ж.б.

10.Тема: Этиш жонундо жалпы тушунук
План:
1. Этиш жонундо тушунук.
2. Этиштин категориялары

Адабияттар:
1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу» Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирүүчү сөз түркүмү этиш деп аталат. Этиштер эмне кылды?эмне кылат?эмне кылып жатат? Эмне болду? Эмне болуп жатат? Кантет? Деген сыяктуу суроолорго жооп берет.
М и с а л ы: Айшакан сайма сайды. Самолёт бийик көтөрүлдү. Балдар келип калышты. Мен окуп жатам. Жакында айылга барам.
ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ ЭТИШТЕР
Этиштер түзүлүшүнө карата жөнөкөй жана татаал этиштер болуп экиге бөлүнөт. Жөнөкөй этиштер бир сөздөн, татаал этиштер эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт. М и с а л ы: бар, кел, ойно, оку, бара кел, ойноп жүр, жазып бер, окуп жибер, жыгылып кете жаздадым, ойноп отура бердим.
НЕГИЗГИ ЖАНА КӨМӨКЧУ ЭТИШТЕР

Татаал этиштеги негизги кыймыл-аракетти билдирген этиштер негизги этиштер, кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштер көмөкчү этиштер деп аталат.
М и с а л ы: Иштеп жатат (иштеп -негизги этиш, жатат - көмөкчү этиш). Окуп келди (окуп - негизги этиш, келди - көмөкчү этиш). Ал келген экен (келген негизги, экен көмөкчү этиш. Мира окуп жиберди, окуп негизги этиш, жиберди көмөкчү этиш.
ТУБАСА ЖАНА ТУУНДУ ЭТИШТЕР
Этиш сөздөр тубаса жана туунду болуп, экиге бөлүнөт. Тубаса этиштер уңгу түрдө турат. М и с а л ы: бар, кел, кет, жүр, бер, отур, оку, жый, кой, тур ж.б.
Туунду этиштер мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:
-ла - кайчыла, башта, тиште
-а - сана, чене, көзө, жаша
-ар - агар, көгөр, бозор, жашар
-лаш - жардамдаш, достош, кездеш, саламдаш
-кар - башкар, аткар, өткөр, откор
-сыра - уйкусура, кансыра,алсыра
-ы - байы, кеңи, жашы
-каз - атказ, откоз, бүткөз
-ылда - чырылда, бакылда, күпүлдө
-ай - азай, көбөй, муңай, чоңой ж.б.

11.Тема: Кызматчы соз туркуму 4 саат

План:1.Кызматчы создорго жалпы маалымат
2.Кызматчы создордун турлору
Адабияттар:
1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу » Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн жогоруда биз негизги (маани берүүчү), өзгөчө жана кызматчы сөз түркүмдөрү деп бөлүштүргөнбүз. Кызматчы сөз түркүмдөрү өз алдынча лесикалык маниге ээ болбой, сүйлөмдө негизги сөз түркүмдөрүнө кошумча грамматикалык маани тартуулайт. Булар «маани бербөөчү сөз түркүмдөрү» деп да аталат. Белгилүү тилчи С.Кудайбергенов буларды маани бербөөчү сөз түркүмдөрү катары карап, бул топко жекече турганда лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр кирерин белгилөө менен, алар башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери боюнча айырмаланарын көрсөткөн.

1. Ар бири баштагы бүтүн сөздүк белгисин сакташып, негизги компоненттерден тыбыштык сөз катары ажыратылып айтылат. Ал эми мүчө болсо, айкашкан сөздөрү менен бирге айтылат. Бирок экөө тең лексикалык мааниге ээ эмес.
2. Маани бербөөчү сөздөр морфологиялык жактан уңгу,мүчөлөргө ажыратылбаган өзүнчө турган сөз болгондуктан, үндөштүк законуна баш ийбейт. Мүчөлөр менен айкашпайт.Мүчөлөр болсо, тыбыштык составы жагынан жалганган сөзүн ээрчип, үндөштүк законуна баш ийет.
3. Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү, бүтүн сөздүк касиетин сакташып, дайыма басымды кабыл алышат: сен үчүн, дейин, гана, албетте, мүмкүн, келдим го! келе гой ж.б. Ошентип, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу, ийкемдүү тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди алып келген сөздөрдү кызматчы сөз түркүмдөрү дейбиз. Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр:
Байламталар
Бөлүкчөлөр
Жандоочтор
Модалдык сөздөр.

Байламталар Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турган кызматчы сөздөрдү байламталар дейбиз. Мисалы: Окту жиреп жүрөм, бирок, эмнегедир, алар мага тийбейт. Биринчи мисалдагы байламта (бирок) кошмок сүйлөмдүн тутумундагы эки жөнөкөй сүйлөмдүн ортосундагы каршылагыч маанини туюндуруп, байланыштырып турат. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү байламта (жана) болсо, бирөөчөй мүчөлөрдү (безилдегендиктен, атагандыктан) бири-бири менен Байламталар, биз жогоруда белгилегендей, маани берүүчү сөздөргө кызмат кылып, алардын ар кандай грамматикалык маанилерин жаратып, өз алдынча лексикалык маани бере албайт. Айрымдары маани берүүчү сөздөргө гана эмес, сүйлөмдөргө да грамматикалык маани ыйгара берет.Түпкү теги боюнча кыргыз тилиндеги байламталардын көпчүлүгү лексикалык мааниси бар сөздөрдөн келип чыккан. Мисалы: анткени (андай+эткен+ы), жана (жан+а), себеби
(себеп+ы), деле (дагы+эле) ж.б. Байламталардын тутумдук түзүлүшү да өтө ар түрдүү. Алар бир эле сөздөн, эки сөздөн жана бир нече сөздөн да курала берет. Эки жана андан көп сөздөрдөн куралган байламталардын айрымдары сүйлөмдүн ар кайсы жеринен орун алып да келе
берет. Мисалы: Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан. Байламталардын тутумдук түзүлүшүнө карай бөлүнүшү .Кыргыз тилинде байламталар түзулүшүнө карай жөнөкөй жана татаал байламталар болуп экиге бөлүнөт. Бир эле сөздөн турган байламталарды жөнөкөй байламталар дейбиз. Алар: а, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жаки, жана, мейли, менен, нары, не, себеби, эгер, эгерде ж.б. Тарыхый жактан тутуму татаал болгону менен андыктан

(андай + эткендиктен), анткени (андай + эткени), ошондуктан (ошондой + эткендиктен) сыяктуу байламталарды да ушул урпаты менен байламта сөз түркүмүнүн катарына өткөндүктөн, жөнөкөй байламталардын катарына кошобуз. Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды татаал байламталар дейбиз. Алар: ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ...ошончолук, неге десең, ошол себептуу, ошондой болгону менен,ошондой болсо да, ошон үчүн, эгерде ... ошондо ж.б. Байламталык маанилери жана аткарган милдеттери боюнча жөнөкөй жана татаал байламталар бири-биринен айырмаланышпай.Маани берүүчү сөздөргө жана сүйлөмгө кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрүндө даайырмачылыктар жок.Мисалы: - Балам, жол болсун? – деп карыя сурап койду да ,күңгүрөнгөн мунду күүнү акырын гана чертип кирди. Байламталардын аткарган кызматына карай бөлүнүшү. Кыргыз тилинде байламталар жандуу тилде аткарган кызматына карай өз ара дагы эки топко бөлүнөт. Бир тобу сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыра берет. Башка бир тобу сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырып, сөз менен сөздү байланыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

а). Сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыруучу байламталарга ары, да, дагы, дале, деле, жана, же, же болбосо, менен, нары, не сыяктуу байламталар кирет. Мисалы: Аткарылган мындай иштерге ары кубанып, ары сүйүнүп да турдук .Байламталар (ары, да ,жана) сөз менен сөздү байланыштырды. Кылган ишибизге ары терең кубансак, ары өзүбүзгө өзүбүз таң калып турдук .Экөө кобурашкан бойдон фабрикага кирип келишти жана ар бири өз-өз станогунун жанынан орун алды. Байламталар (ары, да, жана) сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырды.

б). Сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштыруучу байламталарга а, ал эми, андай болсо, андыктан, анткени, анткен менен, аның үчүн, бирок, бирок да, болбосо, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгер, эгерде ... ошондо өндүү байламталар кирет. Мисалы: Билесиз го, алыстан тоо ашып келдик, а сиз бияктан түз жол менен келдиңиз. Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү. Байламталардын сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыра турган мүмкүнчүлүгү алардын грамматикалык маанилери болуп саналат. Кыргыз тилиндеги байламталардын мына ошол грамматикалык маанилери бирдей эмес. Байламталардын бир тобу өздөрү байланыштырган тилдик бирдиктерди бири-бирине көз каранды абалда кармап байланыштырса, экинчи бир тобу байланышып жаткан тилдик бирдиктерди бири-бири менен тең укукта кармап байланыштырат. Ошентип, тилдин жандуу жүрүшүндө алардын грамматикалык маанилери бирдей болбойт. Ошентип, кыргыз тилиндеги байламталарды алардын грамматикалык маанилерине карай багындыргыч байламталар жана багындырбас байламталар деп эки чоңтопко бөлүштүрөбүз.

Сүйлөмдө атооч сөздөрду жандап, алардын өз ара карым- катышын эпке келтирип, аларга ар кыл грамматикалык маани ыйгарып турган кызматчы сөздөр жандоочтор деп аталат.
Сүйлөмгө, же сүйлөмдөгү кайсы бир сөзгө кошумча грамматикалык маани, маанилик бир касиет, маанилик өзгөчөлүк алып келүүчү кызматчы сөздөр бөлүкчөлөр деп аталат.
Мисалы: Күтсөм да силерди мен калдым көрбөй.
(го, да, өтө, эң, эч, гана, түк, ным, дегеле, турсун, түгүл, турмак, тургай, чылк ж.б.), калгандары сүйлөмдө аткарган кызматына, туюндурган грамматикалык маанисине жараша гана бөлүкчө болуп, өтмө бөлүкчөлөр деп аталат (аябай, жалаң, гой, деген, белем, такыр, кудум, бейм, нак, как, так, ары, эми, тек, өңкөй ж.б.).
Сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун чындыкка, акыйкатка, сөз жүрүп жаткан учурга карата болгон ар түрдүү катышы жөнүндө сүйлөөчүнүн көз карашын туюндурган сөздөр кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр деп аталат.
Мисалы: Соту келдиби, башкасы келдиби, айтор, бир топ адамдар атасы менен келишип, Жусупту алып кетишкен.
А балким, өзүнүн кемчилигин сезип уялып келаткандыр.
Модал сөз (балким) сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн шек саноо, ишене бербеген кыял мамилесин билдирип жатат. Кыялий-мамиле сөздөр төмөнкүлөр: айтор, албетте, арийне, балким, болжолу, дейм, жарыктык, керек, көрүнөт, кыязы, мүмкүн, окшойт, өңдөнөт, сөзсүз, сыягы, тийиш, чагымда, чамасы, чыгар, чындыгында, шекилдүү, шекилде, шексиз, ыктымал, ыраматылык, ырас ж.б.

12. Тема:Суйломдогу создорго морфологиялык талдоо жургузуу

СӨЗ ТҮРКҮМҮ БОЮНЧА ТАЛДООГО МАШЫГУУ

1. Сүйлөмдү окуп чыгуу.
2. Талдоону сүйлөмдүн биринчи сөзүнөн баштоо.
3. Ал сөзгө суроо берип, сөз түркүмүн аныктоо.
4. Сөз түркүмүнүн грамматикалык категориясын көрсөтүү.

Мисалы: сөз зат атооч болсо, кайсы грамматикалык категорияга баш ийип тургандыгын (санын, жагын, таандыктыгын, жөндөмөсүн), энчилүү же жалпы ат болорун, түзүлүшү боюнча жөнөкөй же тутумдаш экендигин аныктоо.

Үлгү: **Жакшы адамдын белгиси - эл камы үчүн күйүнөт.**

1. **жакшы** – сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, сапаттык сын, жай даражада турат.

2. **адамдын** – зат атооч; кимдин? деген суроого жооп берет; жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик сан, илик жөндөмөсүндө турат.

3. **белгиси** – **белгиси** – зат атооч, эмнеси? деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик санда, атооч жөндөмөсүндө турат.

4. **эл** – зат атооч, ким? деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, илик жөндөмөсүнүн –нын мүчөсү түшүп айтылды (элдин камы).

5. **камы**-зат атооч, эмнеси? деген суроого жооп берип турат, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик санда, таандыктын III жагы, атооч жөндөмөсүндө.

6. **үчүн-**кызматчы сөз, жандооч;

7. **күйүнөт-** этиш, эмне кылат? деген суроого жооп берет; жекелик санды, келер чакты билдирет.

13. Тема: Соз айкашынын турлору,байланышуу жолдору. 2 саат

План: 1.Соз айкашы жонундо тушунук
2.Соз айкашынын байланышуу жолдору

Адабияттар:

1. Акматов Т, Давлетов С, Сартбаев К, Иманалиев С « Тил илимине киришуу » Фрунзе 1980.
2. К. Сартбаев « Кыргыз тилинин изилдениши» Ф. 1981
3. Б. Юнусалиев «Тандалган эмгектер» Ф. илим. 1985
4. к. Сартбаев « Туркологияга киришуу» Ф. мектеп 1980
5.А.Жалилов « Азыркы кыргыз тили» Б.1996

Биринчи бөлум «Соз айкашы» деп аталат. соз айкашы дегенде маанилери жана грамматикалык формалары боюнча оз ара байланышта болгон толук маанилуу создердун айкашын тушунуубуз зарыл. Синтаксистик бул чакан бирдикти грамматикалык озунчо бирдик катары да зкана белгилуу даражада суйлом тутумундагы семантикалык—интонациялык биримдик катары да кароого болот. Тилдин лексикалык кенчи болуп эсептелген создордун, алардын негизинде уюшулган сез айкаштырынын омуру суйломдун жалпы табияты, суйломдун коомдук турмуштагыг милдети менен ажырагыс байланышта. Анткени суйлем ар кандай создердун жалпы санынан тузулбостон, лексикалык-семантикалык маанилери боюнча бири-бири менен айкашууга мумкун-чулугу болгон жана грамматикалык жактаи байланкшып турган создердун жыйындысы катары тузулот. Суйлом тутумундагы соз айкаштарынын копчулугу ойдун максатына ылайыкталып, суйломдо улам

жацыдан уюшулуп отурса, айрымдары кептин ыгына жараша жаныдан уюшулбастан, тилде мурда эле калыпташкан идиоматикалык, суроттеп каркомдоочу даяр каражат катары пайдаланылат. Ушундай ботончолугуно карай соз айкаштары эки чон топко болунот: анын бири — эркин соз айкашы, экинчиси — туруктуу соз айкашы (тил илиминде муну фразеологизмдер деп да атайт).
Эркин соз айкашы — синтаксистин изилдей турган обьектиси, ал эми туруктуу соз айкашы болсо — тил илиминин тармагы болуп эсептелген фразеологиянын изилдей турган проблемасы. Ошондой болсо да соз айкашынын бул эки турунун бири-бирине окшоштуктары (тугойлорунун байланышуу жолдору, уюшулуу улгусу, калыбы) жана андаи да кебуроок айырмачылыктары, озуно гана таандык туруктуу белгилери бар.
Фразеологизмдерде тилде жеке колдонулуучу создор сыяктуу эле бир маани болот: бир жакадан баш чыгаруу — ынтымак, ынтымактуу болуу; мурдун балта кеспеген — тоготпогон; кок жашык — абдан арык ж. б. Мындай маанилери боюнча алганда, фразеологизмдер жеке создвр ыенен синоним дик катышта экендиги байкалат: бир эле маани жеке соз ар-кылуу да, ara маанилеш фразеологизм аркылуу да туюнду-рулат. Бирок фразеологизмдер тигил же ,бул мааниии жеке сез сыяктуу туз атабастан, образдуу, элестуу турдо атайт. Бул жагынан алганда, фразеологизмдер ойду керкем, элестуу жана таамай, таасирдуу берууде атайы колдонулуучу тилдик каражат болуп эсептелет.
Фразеологизмдерден айырмалапып, эркин соз айкашынын тутумуядагы создор дайыма озунун туз маанисинде колдонулат. Ал эми фразеологизмдерде болсо бутундой айкашты камтыган жалпы бир маани берилет. Мындай маани фразеологизмдердин биримдуулугун (бутундугун) тузгондуктон, суйлом тутумунда алар ич ара мучолонбойт. Бутундой айкашы менен суйломдун бир гана мучосунун милдетин аткарат: Жарашпайт ичи тардык адамзатка:, тар болбо, тардык жаман тируу чакта. Ичи тардык — суйлом ээси.
Суйлом тутумунда эркин соз айкашынын тугойлору мучолонот, б. а., ар бири озунчо суйлом мучосунун милдетин аткарат: Адептуунун козу адилеттикти мурда корот.
а) Козу корот — баш мучелердун суйлем тузулушундогу озгочо айкашы;
б) адептуунун кози — эркин соз айкашы: адептуунун — аныктооч; козу — суйлем ээси;
в) адилеттикти корот — эркин сез айкашы: адилеттикти — толуктооч; корот — баяндооч;
г) мурда корот— эркин айкашы: мурда — бышыктооч; корот— баяндооч;
Фразеологизмдер — калыпташкан тилдик даяр бирдик. Ошондуктан аларды ойго келгендей озгортууго, тугойлерунун бири-бирине карата алган ордун алмаштырууга болбойг.
Фразеологизмдер эркин сез айкашынын улгусундо да, суйлом улгусундо да кездешет: а) соз айкашынын улгусундо : тил эмизуу, тишинии кирин соруу ж. б.

б) суйлом улгусундо: жузу жарык, бери этектен алганда ж. б.
Кадыресе эркин соз айкаштары суйлом тузулушундо колдонулбайт. Жыйынтыктап айтканда, туруктуу соз айкаштарынын мааниси ар бир тугойунун семантикасынан келип чыкпастан, алардан алыстап, бардык тугойлорунун жалпы санын турат. Ошол себептуу ал бардык тугойлору менен бир бутундук касиетке ээ. Фразеологизмдер толук маанлуу жеке создор, эркин соз айкаштары сыяктуу эле суйломдун курулуш материалы болуп эсептелет. Ошол себептуу фразеологизмдер жонундо синтаксисте кыскача маалымат берилет жана анын эркин соз айкаштарынан, ажырагыс соз тизмектеринен болгон айырмачылыктары, ботончолуктору корсотулот. Суйлом тутумунда мучолонбой турган, бирок туруктуу соз айкашы болуп эсептелбеген, суйломдун белгилуу бир конструкцияларында колдонулган ажырагыс соз тизмектери кездешет. Сырткы тузулушу боюнча андай тизмектер эркин сез айкашына окшош келет: Коз коргонду конул тейлейт.
а) коз коргонду — ажырагыс тизмек: синтаксистик милдети боюнча толуктооч;
Ажырагыс тизмектер туруктуу эмес, б. а., суйломдун айрым конструкцияларында мучолонбогон, бир гана суроого коп болуп тушкон тизмек катары колдонулса, башка бир учурда алардын тугойлору оз алдынча да, же дагы бир болок создор менен айкашкан турундо кездешет. Экинчидеи, ажырагыс тизмектердин тугойлору озулорунун туз маанисин сактап турат, б. а., фразеологизм сыяктуу бутун бир маанини билдирбестен, алардын (ажырагыс соз тизмектеринин) ар бир тугойунун лексикалык оз алдынчалыгы сакталат. Ажырагыс тизмектер толук маанлуу соз менен толук маанилуу создун, же толук маанилуу соз менен кызматчы создун негизинде тузулот: Акылы кыска адамдын тили узун.
Эркин соз айкаштары суйлом тутумунда тузулуп, суйлом менен омур сурот. Ал, негизинен, толук маанилуу создордон уюшулат да, суйлом тутумунда дайыма мучолонот жана тугойлору озунун лексикалык туз маанисинде колдонулат.
Э. с. а. грамматикалык касиетин аныктоо учун алардын курулушун, турлорун, тугойлорунун маанилик катыштарын жана синтаксистик байланыш жолдорун талдан чыгуу зарыл. Синтаксис жонундогу илимдин салты боюнча бул маселелерди иликтоо соз айкашы топтоштуруудан башталат. Э. с а. топтоштурууда анын турдуу белгилери эске алынып журот:
а) багынычтуу тугойунун синтаксистик милдети боюнча аныктоочтук толуктоочтук жана бышыктоочтук
